

ӨМҮРДҮ САКТОО ТУРМУШТУ ӨЗГӨРТҮҮ

WFP Дүйнөлүк Азык-түлүк Программасы

# Кыргыз Республикасындагы малчыларды климатка байланыштуу кырсыктардан камсыздандыруу

БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы (БУУ ДАТП) Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттигинин каржылык колдоосу менен **Кыргыз Республикасындагы малчыларды климатка байланыштуу кырсыктардан камсыздандыруу ыкмасын** иштеп чыгууда. Анын максаты:

- Малчыларга тоюттун жетишсиздиги жана анын кымбат болуусуна, ошондой эле кургакчылык жана кыштын узак болуусуна байланыштуу жайыттарда мал жаюу мүмкүн болбогондо **тоют сатып алуу үчүн каржылык ресурстарды алууга жардам берүү**
- Малчылардын **каржылык туруктуулугун** акчалай төлөмдөр менен консультациялык колдоо аркылуу жогорулатып, алардын азык-түлүк коопсуздугун жана тамактануусун жакшыртуу
- Климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулукту жогорулатып, **мал чарбачылыгынын өнүгүүсүнө көмөктөшүү**
- **Үй-бүлөлөрдү активдерди сатуудан коргоп**, тез арада калыбына келүүгө өбөлгө түзүү. Дыйкандар төлөмдөрдү үрөндөргө, жер семирткичтерге жана жаңы технологияларга сарптап, айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жогорулата алышат
- Жайыттарды туура пайдалануу жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү (социалдык паспорту бар) климатка байланыштуу кырсыктардан коргоо үчүн жергиликтүү бийлик органдары (Айыл өкмөттөрү) менен жайыт комитеттеринин **техникалык жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүн чыңдоо**

# Бул эмнеге маанилүү?

Аз камсыз жана азык-түлүк коопсуздугу курч болгон үй-бүлөлөр климаттын туруксуздугу, аба ырайынын алаамат окуялары, чыр-чатактар жана социалдык-экономикалык кризистер сыяктуу ар кандай кырсыктарга дуушар болушат. Климаттын өзгөрүүсү менен байланышкан табигый кырсыктар өлкөдөгү **азык-түлүк коопсуздугун курч абалга алып барган негизги себептердин** бири, ал эми жагымсыз жана күтүлбөгөн климаттык шарттар айыл чарба иш-аракеттеринин көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат.

Климаттын кесепетинен келип чыккан кырсыктардын масштабы жана саны акыркы **12 жылда 1,5 эсе көбөйдү**. **Аптап (кургакчылык), кыштын узак болуусу жана сугат суусунун жетишсиздиги** бир нече негизги өсүмдүктөрдүн, өзгөчө тоюттардын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөөсүнө алып келиши мүмкүн.

Аялуу жамааттар көбүнчө климатка байланыштуу кырсыктардан же экономикалык төмөндөө сыяктуу окуялардан чоң жоготууларга дуушар болушат. Аларда тобокелдиктерди натыйжалуу башкаруу жана социалдык коргоо механизмдери жок болгондуктан, бул окуялардан кийин аялуулуктун деңгээли жогорулап, кайра калыпка келүү оор болушу мүмкүн. Ошондуктан жергиликтүү бийлик органдарынын жана табигый кырсыктарга каршы күрөшүү агенттиктеринин аялуу үй-бүлөлөрдү климатка байланыштуу кырсыктардан кийин колдоо үчүн алдын ала уюштурулган каржылоону камсыз кылуу стратегиясын ишке ашыруусу маанилүү. Камсыздандыруу дыйкандардын айыл чарбадагы өндүрүмдүүлүгүн жана азык-түлүк коопсуздугун коргоого жардам берип, коомчулуктун туруктуулугун жогорулатат.



Малчыларды **климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу кырсыктардан камсыздандыруусу** мезо- деңгээлдеги камсыздандыруу болуп саналып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алдын ала каржылоону камсыз кылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары дыйкандарга тоюттун баасы көтөрүлгөндө жана жайыттар аба ырайынын катаал шарттарынан улам жеткиликсиз же түшүмсүз болгондо тоют сатып алууга каржылык колдоо көрсөтө алышат.

Аба ырайынын индексине негизделген камсыздандыруу оор кургакчылыктан жана кыштын катаал шарттарынан (күз мезгилинин эрте аякташы же жаздын кеч келиши) улам катталган тоюттун жетишсиздигин камтыйт. Аталган камсыздандыруу БУУ ДАТП менен Blue Marble глобалдык техникалык кызмат көрсөтүүчү уюмдун тарабынан биргелешип иштелип чыккан, ошондой эле Кыргызстандагы айыл чарба кызматтары боюнча форумунун (КАЧКФ) колдоосу менен APlus жергиликтүү камсыздандыруу компаниясы тарабынан ишке ашырылууда.

Камсыздандыруу жергиликтүү бийликке жана малчыларга көрсөтүлгөн техникалык колдоо менен бирге, алардын техникалык жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүн бекемдеп, жайыттарды башкаруунун туруктуулугун жогорулатууга жана климатка байланыштуу кырсыктардан мал чарбасын коргоого жардам берет.

## 2023-жылы тажрыйбалык (пилоттук) камсыздандыруу ыкмасы жөнүндө негизги маалымат

- **Нарын облусунун 3 району:** Жумгал, Ак-Талаа жана Нарын.
- **Катышуучулар/пайда алуучулар (бенефициарлар)**: 4 500 аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн өкүлдөрү (социалдык паспорту бар). Абдан оор кургакчылык катталган учурда камсыздандыруу 10 000 үй-бүлөнү камтыйт.
- **Камсыздандыруу сумма:** 1,2 миллион АКШ доллары.
- **Камсыздандырылуучу тобокелдик:** оор кургакчылык.
- **Камсыздандыруу:** аба-ырайынын индексинин негизинде. Жоготууларды толуктоо үчүн кайрылуунун кажети жок, камсыздандыруу төлөмдөрү автоматтык түрдө төлөнөт.
- Убактысы: 2023-жылдын 1-июнунан 30-сентябрына чейин
- **Төлөмдөрдү берүү:** APlus компаниясы төлөмдөрдү долбоорго камтылган райондордо алдын ала макулдашылган чектен ашкан аба ырайынын катаал шарттары (кургакчылык) катталган учурда камсыз кылат. БУУ ДАТП, Blue Marble жана КАЧКФ колдоосу менен райондук мамлекеттик администрациялар чара көрүү пландарын иштеп чыгышты жана мал-жандыктарын азыктандыруу үчүн өз убагында колдоо көрсөтүү максатында тиешелүү инфратүзүмдөрдү камсыз кылышууда. Малчыларды колдоо акчалай эмес жана акча түрүндө болот, ошондой эле кырсыктын оордугуна (кургакчылыктын деңгээлине) жараша өзгөрөт. Акчалай эмес колдоонун мисалдары катары арпа, буудай, жүгөрү, люцерна ж.б.у.с. тоют менен камсыздоо каралган.





## 2024-жылы камсыздандыруу ыкмасын жайылтуу

- Малчыларды климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу кырсыктардан камсыздандыруу Кыргыз Республикасында айыл чарба секторунун туруктуулугун жогорулатуу максатында климатка байланыштуу тобокелдиктерди комплекстүү башкаруу (КБТКБ) ыкмасынын бир бөлүгү болуп саналат. 2024-жылы БУУ ДАТП өкмөт жана башка стратегиялык өнөктөштөр менен биргеликте камсыздандыруу ыкмасынын туруктуулугун күчөтүүдө жана КБТКБнын башка компоненттери менен айкалыштырууда тыгыз кызматташууну улантат.

- 2024-жылы төмөнкү аракеттерге басым жасалат: (i) климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулукту жогорулатуу, климат багытындагы кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, малчыларга колдоо көрсөтүү үчүн экономикалык жактан натыйжалуу ыкма катары камсыздандырууну сунуштоо багытында райондук жана жергиликтүү бийлик органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө; (ii) айыл чарбадагы камсыздандыруу ыкмасын жайылтуу үчүн ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууда өкмөткө колдоо көрсөтүү; (iii) убагында колдоо көрсөтүү үчүн камсыздандыруу ыкмасын жакшыртуу жана (iv) микро-камсыздандыруу ыкмасын киргизүү мүмкүнчүлүгүн изилдөө.

2024-жылы аталган камсыздандыруу ыкмасы узакка созулган жана катаал кыш менен оор кургакчылыктын тобокелдиктерин камтып, өлкөнүн башка облустарына жайылтылмакчы.

### БУУ ДАТП МИКРО-КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЫКМАСЫН ДҮЙНӨ ЖҮЗҮ БОЮНЧА КОЛДООДО

**2022-жылы БУУ ДАТП Африка, Азия, Латын Америка жана Кариб деңизиндеги 21 өлкөдө климатка байланыштуу тобокелдиктерди камсыздандыруу аркылуу 3,8 миллион кишиге колдоо көрсөттү. Камсыздандыруу аркылуу кургакчылык, суу ташкын жана бороон-чапкындан жабыркаган аймактарда жашаган 1,8 миллион кишиге 12,6 миллион АКШ доллар өлчөмүндө төлөмдөр которулду. Төлөмдөрдү алган катышуучулардын 50% дан ашыгын аялдар түзөт.**

БУУ ДАТП тарабынан колдоого алынган климатка байланыштуу тобокелдиктерди камсыздандыруу долбоорлору жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн 2022-жылга карата климатка байланыштуу тобокелдиктерди камсыздандыруу боюнча баяндамага кайрылыңыз.

### Өнөктөштөр

Кыргыз Республикасында климатка байланыштуу кырсыктардан камсыздандыруу өнөктөштөрдүн колдоосу менен ишке ашырылды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги

6363

Номерине (акысыз) чалып, биздин иш-аракеттерибизге болгон сунуштарыңызды, суроолоруңузду же коопсуздук маселеси, гендердик зомбулук, сексуалдык ыдык жана алдамчылык сыяктуу тынчсызданууларыңызды купуя түрүндө билдирсеңиз болот. Билдирүүңүздүн жыйынтыгы сизге маалымдалат.